Тиркеме 1

« МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Профсоюз уюмунун төрайымы
Б.Курманбекова
_______________
«_30_» _12_ 20_16_ -ж

«БЕКИТЕМИН»
ЫКИПКнын директору
Б.А.Жумабаева
_______________
«_30_» _12_ 20_16_ ж

**Ысык-Көл индустриалдык – педагогикалык колледжинин студенттеринин билимин орто арадагы жана жыйынтыктоочу аттестациялоодо, мамлекеттик аттестациялоо жүргүзүүдө, академиялык карыздарды жоюу боюнча кайрадан тапшыруунун**

**КРИТЕРИЙЛЕРИ**

Бул критерий **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.05.12-ж № 346 токтомундагы** окуу жайларда студенттердин билимин, күндөлүк жана орто аралык аттестациясын жүргүзүү жобосуна ылайык жана академиялык карыздарды жоюнун тартибинин негизинде иштелип чыкты.

1. Кайрадан тапшыруунун мөөнөтүнүн графиги түзүлүп, бекитилет.
2. Академиялык карыздарды сессия учурунда жана каникулда кайрадан тапшырууга уруксат берилбейт.
3. Эгерде студент жүйөлүү себеп менен экзаменге келбей калса, экзамендик ведомостко «келген жок» деп белгиленет жана окуу бөлүмү тарабынан атайын белгиленген өзүнчө мөөнөт менен тапшырат.
4. Эгерде студент жүйөсүз себеп менен экзаменге келбей калса, экзамендик ведомостко «канааттандырарлык эмес» деп белгиленет.
5. Студент окуу бөлүмүнөн атайын жүгүртмө алат.
6. Предмет боюнча кайрадан тапшыруу учурундагы аткарган тапшырмалары жазуу жүзүндө, жүгүртмө менен бирге окуу бөлүмүнө өткөрүлөт.
7. Бир предметтен эки жолу гана экзамен тапшырууга уруксат берилет.
8. Экинчи жолку тапшырууда атайын түзүлгөн комиссиянын катышуусу менен алынат.
9. Кайрадан тапшыруу мөөнөтүндө эки жолу тапшыра албай калган студент предметтин өзгөчөлүгүнө жараша, окуу бөлүмүнүн уруксаты менен экинчи жылы кайталап окууга катышып, зачёт же экзаменди тапшырат.
10. Курстук иш боюнча кайрадан тапшыруу, бир гана жолу комиссиянын катышуусу менен алынат.
11. Студент жүйөлүү себептер менен практикасын өтпөй калса, жетекчинин уруксаты менен кайрадан практика өтүүгө жиберилет.(окуу процессин үзгүлтүккө учуратпоо эске алынууга тийиш).

12. Студент сессияга чейинки аралык аттестацияларды тапшырууга жана өздүк баллын топтоого милдеттүү.
13. Жыйынтык баа коюла турган предметтерден кайрадан тапшырууга калган студенттердин сессияга чейинки бааларынын топтолушун окутуучу көзөмөлдөйт жана ага жооп берет.
14. Сессияга чейинки аралык аттестацияларды жүргүзүүдө окутуучунун жоопкерчилиги күчөтүлөт жана көзөмөлгө алынат.
15. Бир эле предметтен тайпанын жарымы кайрадан тапшырууга калтырылса, предметтик окутуучудан түшүндүрмө талап кылынсын жана окуу бөлүмү тарабынан анализ жүргүзүлсүн.
16. Студенттерди сессияга киргизүүгө уруксат алуу, сессия учурунда көзөмөлдөө, кайрадан тапшырууга киргизүү жагы кураторлорго милдеттендирилсин.
17. Ар бир окутуучуга окуу жүгүртмөсү боюнча акыркы сабактарында жыйынтык бааларын өз убагында чыгаруу жагы милдеттендирилсин.
18. Бааны жогорулатып, кайрадан тапшырууга аралык аттестацияларды жүргүзүү учурунда уруксат берилбейт.
19. Кызыл диплом алуу үчүн, экиден ашык предметтен кайрадан тапшырууга уруксат берилбейт жана мындай кайрадан тапшыруу жетекчинин уруксаты менен гана акыркы курста Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын заседаниясына чейин 1 айдан кем эмес убакытта чечилиши керек.
20. Жыйынтыктоочу Мамлекеттик аттестациялоо учурунда студенттин билимин баалоодо анын орто арадагы жана жыйынтыктоочу аттестациядагы алган баалары эсепке алынбайт.